**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы**

# ТОКТОМ № 39

2025-жылдын 3-октябры Сопу-Коргон айылы

**Күз-кыш мезгилине даярдыктар жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн күз-кыш мезгилине даярдыктары жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевдин маалыматын угуп, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн күз-кыш мезгилине даярдыктары жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевдин маалыматы эске алынсын, жактырылсын.

2. Айыл аймагындагы баардык социалдык мекемелердин кыш мезгилине даярдыгын, калктын көмүр менен камсыз болуусу тууралу муктаждыктарын жер жеринде аныктап, алдын ала кышка даярдануу иш чараларын жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары М.Абжапар уулуна жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы**

## ТОКТОМ № 40

2025-жылдын 3-октябры Сопу-Коргон айылы

**Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана анын кесепеттерин жоюуга даярдыктардын аткарылышы жөнүндө**

Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана анын кесепеттерин жоюуга даярдыктардын аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Тургунбаевдин маалымат отчетун угуп, талкуулап **токтом кылат:**

1. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш чараларынын аткарылышы боюнча айыл өкмөтүнүн жүргүзүп жаткан иштери канааттандырарлык деп белгиленсин.

2.Айыл аймагындагы кооптуу делген аймактарга өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча иш чараларды жана Өзгөчө Кырдаалдар Министрлигинин райондук бөлүмү менен биргеликте мониторинг жүргүзүп туруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары М.Абжапар уулуна жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АЛАЙ РАЙОНУ**<br><br>**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы**

**ТОКТОМ № 41**

2025-жылдын 3-октябры Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Босого айылындагы таза суу түтүктөрүн алмаштырууга Алай райондук өнүктүрүү фондунан акча каражатын суроо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Босого айылындагы таза суу түтүктөрүн алмаштыруу үчүн жүрүзүлө турган курулуш иштерине, жергиликтүү бюджеттин тартыштыгына байланыштуу 2025-жылдын сметасына акча каражаты каралбагандыктан Алай райондук өнүктүрүү фондунан 352,0миң,сом (үч жүз элүү эки миң) акча каражатын суроо максатында Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Босого айылындагы таза суу түтүктөрүн алмаштыруу үчүн жүрүзүлө турган курулуш иштерине, жергиликтүү бюджетттин тартыштыгына байланыштуу 2025-жылдын сметасына акча каражаты каралбагандыктан Алай райондук өнүктүрүү фондунан 352,0 миң,сом ( үч жүз элүү эки миң) акча каражаты суралсын.

2.Бөлүнгөн акча каражаты максаттуу жана мыйзам чегинде жумшалышын камсыздоо жагы Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге жана Финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы С.Ы.Карыбековго милдеттендирилсин.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика жана салык боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АЛАЙ РАЙОНУ<br><br>ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы**

**ТОКТОМ № 42**

2025-жылдын 3-октябры Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга бекитилген сметасынын киреше жана чыгаша бөлүгүнүн планына өзгөртүү киргизип тактоо жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп, талкуулап туруктуу комиссиянын 2025-жылдын 1-октябрындагы № 5 протоколунун негизинде Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылыат:**

1. “Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин” 115-беренесине ылайык, Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин киреше бөлүгүнө 2025-жылга төмөндөгү салыктык эмес кирешелердин түрүнүн планына өзгөртүү киргизип берүү жагы каралсын:

( миң сом )

| К/н | Берененин аталышы | берене | 2025-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Баары | 3-квартал ( + ) | 4-квартал ( + ) |
| 1 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү | 14232400 | 1900,0 | 1150,0 | 750,0 |

2.Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин сметасынын атайын каражаттар эсебинин чыгаша бөлүгүнө төмөндөгү беренелердин планга өзгөртүү киргизип берүү жагы каралсын:

| К/н | Берененин аталышы | берене | 2025-жыл | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Баары | 3-квартал ( + ) | 4-квартал ( + ) |
| 1 | Тамак-аш азыктарын алуу (атайын каражат) | 2218 | 1900,0 | 1150,0 | 750,0 |

3.Жогорудагы акча каражатын 2025-жылдын 3-кварталына бекитилген сметасынын киреше  жана чыгаша бөлүгүнүн планына өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин  Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

4.Өзгөртүү киргизилген акча каражатын мыйзам чегинде, максаттуу жумшоо айыл өкмөт башчысы М.Турганбаевге жана социалдык-экономикалык бөлүмүнүн  башчысы С.Карыбековго  милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика жана салык, инвестиция тартуу боюнча туруктуу  комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы**

**ТОКТОМ № 43**

2025-жылдын 3-октябры — Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн планына өзгөртүү киргизүү жөнүнө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кенешинин бюджет боюнча туруктуу комиссиясынын маалыматын угуп, талкуулап туруктуу комиссиянын 2025-жылдын 1-октябрындагы № 5 протоколунун негизинде Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. "Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин" 115-беренесине ылайык, Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин чыгаша бөлүгүнүн бекитилген сметасындагы теңдештирүүчү трансферт жана кирешелердин эсебинен төмөндөгү беренелеринин такталган планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын:

( миң сом )

| **К/н** | **Бөлүм** | **Берененин аталышы** | **берене** | **баары** | | **2025-жыл** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **+** | **-** | **көбөйтүү** | **Азайтуу** |
| Аппарат | 70111 | Учурдагы оңдоо | 2221 | | 100,0 | | 100,0 |
| Аппарат | 70111 | Машинелер жана жабдуулар | 3112 | 148,1 | | 148,1 | |
| Экон. маселелер | 70491 | Имараттар жана курулмалар | 3111 | | 500,0 | | 500,0 |
| Экон.маселелер | 70491 | Учурдагы оңдоо | 2221 | | 450,0 | | 450,0 |
| Культ.меропр-я | 70862 | Ар кандай кызмат көрсөтүү | 2215 | 120,0 | | 120,0 | |
| Балдар бакчасы | 70911 | Ар кандай кызмат көрсөтүү | 2215 | 140,0 | | 140,0 | |
| Балдар бакчасы | 70911 | Учурдагы оңдоо | 2221 | 150,0 | | 150,0 | |
| Балдар бакчасы | 70911 | Чарбалык максаттар | 2222 | 204,3 | | 204,3 | |
| Балдар бакчасы | 70911 | Көмүр алуу | 2224 | 65,0 | | 65,0 | |
| Балдар бакчасы | 70911 | Имараттар жана курулмалар | 3111 | 250,0 | | 250,0 | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Орто мектеп | 70921 | Ар кандай кызмат көрсөтүү | 2215 | 158,5 | | 158,5 | |
| Орто мектеп | 70921 | Көмүр алуу | 2224 | 12,1 | | 12,1 | |
| Орто мектеп | 70921 | Имараттар жана курулмалар | 3111 | | 533,0 | | 533,0 |
| Орто мектеп | 70921 | Машинелер жана жабдуулар | 3112 | 335,0 | | 335,0 | |
| **Жалпы:** | | | | **1583,0** | **1583,0** | **1583,0** | **1583,0** |

2**.**“Кыргыз Республикасынын бюджет кодексинин” 115-беренесине ылайык, Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин чыгаша бөлүгүнүн бекитилген сметасындагы тендештирүүчү трансферт жана өздүк кирешелердин эсебинен төмөндөгү беренелеринин такталган планына өзгөртүү киргизүү жагы каралсын.

3.Жогорудагы көрсөтүлгөн акча каражатына 2025-жылдын бекитилген сметасына өзгөртүү киргизип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Алай финансы башкармалыгынан суралсын.

4.Өзгөртүү киргизилген акча каражатын мыйзамдуу, максаттуу жумшоо жана ушул токтомдун аткарылышын айыл өкмөт башчысы М.Турганбаевге жана социалдык-экономиклык бөлүмүнүн башчысы С.Карыбековко милдеттендирилсин.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика жана салык, инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы**

**ТОКТОМ № 44**

2025-жылдын 3-октябры Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу К.Султанов атындагы орто мектебин ремонттон өткөрүү боюнча сунуш кылынган долбоордун өздүк салымы жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Терек айылындагы №11 К.Султанов атындагы орто мектебине ремонт иштерин жүргүзүү үчүн сунуш кылынган долбоорду айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевдин билдирүүсүнүн негизинде карап чыгып, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Терек айылындагы №11 К.Султанов атындагы орто мектебине ремонт иштерин жүргүзүү үчүн сунуш кылынган долбоорду карап чыгып, үлүштүк дем берүүчү гранттын эсебинен ишке ашыруу үчүн жазылган жалпы 6983,230 миң сом(алты миллион тогуз жүз сексен үч миң эки жүз отуз) долбоордо көрсөтүлгөн өздүк салымы 1983,230 миң сом (бир миллион тогуз жүз сексен үч миң эки жүз отуз) Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетине киргизүү боюнча сунушталган жогорудагы өздүк салымга макулдук берилсин.

2. Кабыл алынган токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика жана салык, инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз XIX сессиясы**

**ТОКТОМ № 45**

2025-жылдын 8-октябры Сопу-Коргон айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы «Кезектеги IV Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө» ПЖ № 270 Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы «Кезектеги IV Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө» ПЖ №270 Жарлыгын ишке ашыруу, Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо боюнча уюштуруу маселелерди талкуулап, Кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча негизги иш-чаралардын календардык планына ылайык, Кезектеги IV Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жумушчу топтун курамын түзүү, айыл аймактарда бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү, белгиленген тартипте иш алып баруу максатында Үч-Дөбө-Алай айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кезектеги IV Элдик курултайды уюштуруу жана өткөрүү, делегаттарды шайлоо боюнча жумушчу топтун курамы төмөнкүлөрдөн түзүлсүн (№1 тиркеме).
2. Кезектеги IV Элдик курултайга делегаттарды шайлоо боюнча бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү жыйындардын графиги, өтүлүүчү жайлар, жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны жана тиешелүү аймактык бөлүктөргө бөлүү ченемдери, жыйындарды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмеси бекитилсин (№2 тиркеме).
3. Кезектеги IV Элдик курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жумушчу топтун курамына ар тараптан көмөк көрсөтүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдетендирилсин.
4. Коомдоштуктардын жыйындарынын протоколдорду жумушчу тобуна тапшырылсын.
5. Кезектеги IV Элдик курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча чаралардын көрүлүшү тууралуу жана алардын келип чыккан укуктук маселелерди жөнгө салууга байланышкан маалыматтарды, тиешелүү документтерди убагында берип туруу айылдык кеңештин жооптуу катчысы Ү.Абдыкадыровго жүктөлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмдө калтырамын.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин
08.10.2025-жылдын №45 токтомуна
**тиркеме №1**

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагында «Кезектеги IV Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө» коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү, делегаттарды шайлоо боюнча жумушчу топтун курамы**

1.Турсуналы уулу Нурсеит-айылдык кеңештин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы
2.Абдыкадыров.Үмүтбек-айылдык кеңештин катчысы, жумушчу топтун катчысы

Мүчөлөрү:

3.Токторова Апел-айылдык кеңештин депутаты
4.Маташов Назарбек-айылдык кеңештин депутаты
5.Жолдошбаев Марат-айылдык кеңештин депутаты
6.Баатырова Назгүл-айылдык кеңештин депутаты
7.Абдыкалыкова Курманбү- аялдар кеңешинин мүчөсү
8. Атабаев Мусабек–КААБнун төрагасы
9.Чоноева Назик-Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси

Жумушчу топтун катчысы: Ү.Абдыкадыров

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин
08.10.2025-жылдын №45 токтомуна
**тиркеме №2**

**Кезектеги IV Элдик курултайды өткөрүү жөнүндө коомдоштуктардын жыйындарын уюштуруу жана өткөрүү, делегаттарды шайлоо боюнча графиги**

| № | Өкүлчүлүктүү жыйндарды өткөрүү боюнча жамааттарды тиешелүү аймактарга бөлүү ченемдери | Калктыын саны | Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны (квота боюнча) | Өкүлчүлүктүү жыйын өтүүчү жери | Өкүлчүлүктүү жыйындын өтүү датасы, графиги | Өкүлчүлүктүү жыйынды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ак-Босого | 1876 | 8 | А.Тукеев а.о. мектебинин имараты | 20.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Абдибалиев Темирбек Токторова Апел |
| 2 | Кызыл-Алай | 1340 | 6 | Кызыл-Алай орто мектебинин имараты | 20.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Токторбаев Алмаз Кабыл кызы Махабат |
| 3 | Чоң-Каракол | 1834 | 8 | Маданият орто мектебинин имараты | 20.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Эшназаров Канимет Каденова Бакдөөлат |
| 4 | Кичи-Каракол | 2055 | 9 | Үч-Төбө маданият үйү | 21.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Балыева Нургүл Жаанбаева Айнуру |
| 5 | Ак-Жай, | 1371 | 6 | Үч-Төбө маданият үйү | 21.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Жолдошбаев Марат Абжапар уулу Мирлан |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Гежиге | 132 | 1 | Үч-Төбө маданият үйү | 21.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Абжапар уулу Мирлан |
| 7 | Сопу-Коргон | 3270 | 14 | Сопу-Коргон маданият үйү | 22.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Баатырова.Б Маташов.Н Рысбаев .М. Шарипова.Ж. |
| 8 | Аскалы | 798 | 3 | М.Акматов орто мектеби | 22.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Баатырова.Б Маташов.Н Рысбаев .М. Шарипова.Ж. |
| 9 | Жерге-Тал | 716 | 3 | М.Абдразаков баштооч мектеби | 22.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Кудайбергенов Абазбек |
| 10 | Көлдүк | 992 | 4 | Көлдүк баштооч мектеби | 22.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Арзиева Нурадимизаада |
| 11 | Таргалак | 377 | 2 | Таргалак баштооч мектеби | 23.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Баатырова.Б Маташов.Н Рысбаев .М. Шарипова.Ж. |
| 12 | Терек | 1600 | 7 | К.Султанов орто мектеби | 23.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Эгенова Малике Назарбаев Нурали |
| 13 | Чий-Талаа | 2124 | 9 | Б.Абжапаров орто мектеби | 23.10. 2025-жыл Саат 11-00 | Баргыбай у Сагынычбек Баатырова Назгүл |
| Айыл аймагы боюнча калктын саны | | 18485 | 80 | | | |

Жумушчу топтун катчысы: Ү.Абдыкадыров